**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик Ж. Жеенбаев атындагы Физика институту жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети**

Д 01.21.633 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК:** 666.3(575.2)(043.3)

**Ласанху Керим Арсаевич**

# Кремнийдин эң майда калдыктарынын негизиндеги керамика-композициялык материалдардын физика-химиялык касиеттери

01.04.07 – конденсирленген абалдын физикасы

Физика-математика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати

**Бишкек - 2021**

Иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик Ж. Жеенбаев атындагы Физика институтунун «Күкүмдүү материалдар» лабораториясында аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | Касмамытов Нурбек Кыдырмышевич, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик Ж. Жеенбаев атындагы Физика институту, директордун илимий иштер боюнча орун басары; |
| **Расмий оппоненттери:** | Ташполотов Ысламедин, физика – математика илимдеринин доктору, ОшМУ профессору, г. Ош шаары, Ленина көч. 331;<br>Утемисов Касымкул, физика-математика илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин доценти, физика кафедрасы, физика жана электроника факультети; |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Сарсен Аманжолов атындагы Чыгыш Казакстан мамлекеттик университети, Казакстан Республикасы, Усть-Каменогорск ш., 30-Гвардиялык дивизия көч., 34, почта индекси 070020, e-mail: kense@vkgu.kz. |

Диссертацияны коргоо 2021-жылдын 21 октябрь да саат 14:00 до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик Ж. Жеенбаев атындагы Физика институтуна жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетине караштуу физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 01.21.633 диссертациялык кеӊешинин отурумунда төмөнкү даректе: Бишкек ш., 720071, Чүй проспектиси 265-а, КР УИА Физика институту жыйындар залы 2-кабата, тел.: (0312) 39-18-67 болуп өтөт. Диссертацияны коргоону zoom-webinarда онлайн көрсөтүүнүн идентификациялык коду: http://vc.vac.kg/b/d_0-pj7-m6b-mev.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан, Бишкек ш., 720071, Чүй проспектиси 265-а, башкы корпус жана Кыргыз-Орус Славян университетинин китепканасынан, Киев көч., 44, таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 20- сентябрь айында таратылган

Диссертациялык кеӊештин
окумуштуу катчысы
ф.-м.и.д., профессор Н. К. Касмамытов

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы учурда нитрид-кремний материалдары өнөр жайдын ар кыл тармактарында кеӊири колдонууда. Ушуга байланыштуу кремнийдин нитриди жана карбонитридинин негизиндеги керамикалык материалдардын физика-химиялык касиеттерин изилдөө актуалдуу болуп саналат. Азыркы мезгилде керамикалык материалдардын физика-механикалык, физика-химиялык жана термалык сыяктуу касиеттерин бүтүндөй бир комплексин изилдөөнү талап кылуучу жаӊы өндүрүштөрү түзүлүп жатат. Аталган нитрид-кремний материалдары эӊ келечектүү керамика-композициялык материалдар (ККМ) болуп саналат. Ф.-м.и.д., профессор Н. К. Касмамытовдун, ф.-м.и.д., профессор В. П. Макаровдун эмгектеринде кремний өндүрүшүнүн эӊ майда калдыгынын негизиндеги ККМдын технологиясы, түзүмү, термомеханикалык касиеттери кеӊири баяндалган, бирок нитрид-кремнийлик материалдардын физика-химиялык касиеттери жана реакциялык синтезделишинин кинетикасы жетишерлик тереӊ изилденген эмес.

Адабий булактарда кремнийдин жарым өткөргүчтүк өндүрүшүнүн майда дисперстүү калдыктарынын негизинде синтезделген ККМдын химиялык туруктуулугуна арналган изилдөө жөнүндө кандайдыр бир маалыматтар жок. Мурдагылардын илимий эмгектеринде нитрид-кремний материалдарын азот чөйрөсүндө реакциялык синтездөнүн теориялык жана моделдик-математикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Иштин **актуалдуулугу** алынган илимий натыйжаларды практикада колдонуу, ошондой эле карбонитриддик, оксинитриддик жана нитриддик керамикалардын негизинде жаӊы керамика-композициялык материалдарды түзүү багытындагы физикалык материалтаанууну өнүктүрүүгө түрткү берүү мүмкүнчүлүгү менен түздөн-түз байланышкан.

Кремнийдин шламдык калдыктарынын негизинде композициялык жана керамика-композициялык материалдардын физика-химиялык касиеттерин агресивдүү чөйрөлөрдө нитрид-кремний үлгүлөрдүн реакциялык синтезинин кинетикасын изилдөө жана бир өлчөмдүү математикалык моделдин жардамы менен реакциялык синтезде аларды алуунун оптималдуу шартын аныктоо.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор жана илимий-изилдөөлөр менен байланышы.** Илимий диссертациялык иш КР УИАнын Президиуму бекиткен илимий-изилдөө иштеринин алкагында мамлекеттик бюджеттин негизинде, КР УИАнын академик Ж. Жеенбаев атындагы Физика институтунун «Күкүмдүү материалдар» лабораториясынын пландарына ылайык аткарылган.

**Изилдөөнүн объектиси** – жарым өткөргүчтүк кремний өнөр жайынын, жеке алсак, Орловка ш.т.п. «Астра» Кыргыз химия-металлургия заводунун калдыктарынан реакциялык синтез усулу менен алынган керамика-композициялык нитрид-кремний материалдар.

**Изилдөөнүн предмети –** агрессивдүү чөйрөнүн керамика-композициялык нитрид-кремний материалдарга таасир этүүсүндө болуп өтүүчү физика-химиялык касиеттер менен процесстер жана бир өлчөмдүү математикалык моделди иштеп чыгуу жолу менен азот чөйрөсүндөгү кремнийдин реакциялык синтезинин кинетикасын изилдөө.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты кремнийдин нитридинин негизиндеги реакциялык-синтезделген ККМдын ар кыл агрессивдүү чөйрөлөрдөгү физика-химиялык касиеттерин изилдөө жана бир өлчөмдүү математикалык моделди куруу аркылуу реакциялык синтездин оптималдуу шарттарын аныктоо болуп саналат.

Коюлган **максатка** төмөнкү **милдеттерди** чечүү менен жетишилди:

1. Катуунун ар кыл таптык шарттамдарында азоттун жана метандын чөйрөсүндөгү кремнийдин жарым өткөргүчтүк өндүрүшүнүн ультрадисперстүү калдыктарынын негизиндеги ККМдын ар кыл тажрыйбалык үлгүлөрүн реакциялык синтез усулу менен алуу.
2. Тажрыйбалык синтезделген ККМдын ар кыл концентрацияланган кычкылдар менен жегичтердеги физика-химиялык туруктуулугун изилдөө.
3. Гиббс-Розебомдун тең капталдуу концентрациялык үч бурчтугу усулу менен ККМдын алынган тажрыйбалык үлгүлөрүнүн фазалык курамын эсептөө.
4. Нитрид-кремний үлгүлөрдүн реакциялык синтезинин кинетикасын изилдөө жана бир өлчөмдүү математикалык моделдин жардамы менен реакциялык синтезде аларды алуунун оптималдуу шартын аныктоо.
5. Синтезделген керамика-композициялык материалдардын Кыргыз Республикасынын Өнөр жайынын ар кыл тармактарында колдонулуусун аныктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

1. Кремнийдин полидисперстүү калдыгынан биринчи жолу метандын чөйрөсүндө Si-SiC-C фазасы бар композициялык-керамикалык материал алынган.
2. Жарым өткөргүчтүк өнөр жайдын калдыктарынан азоттун чөйрөсүндөгү реакциялык синтез жолу менен алынган ККМдын физика-химиялык туруктуулук параметрлери аныкталган.
3. Гиббс-Розебомдун усулунун жардамы менен алынган азоттун чөйрөсүндө реакциялык синтезделген керамика-композициялык нитрид-кремний материалдардын фазалык жана химиялык курамы эсептелген.
4. Азоттун чөйрөсүндөгү кремнийдин ультрадисперстүү күкүмүнүн реакциялык катуусунун бир өлчөмдүү математикалык модели иштелип чыккан.

**Натыйжалардын ишеничтүүлүгү** изилдөөнүн заманбап текшерилген усулдарын, жеке алсак, рентгендик-түзүмдүк жана рентгендик-фазалык анализдерди, микрорентгендик-спектралдык анализи бар электрондук микроскопияны, дифференциялдуу теңдемелердин аппроксимациясын жана аларды чечүүнүн итерациялык усулун, ошондой эле эксперименттин мурда

белгилүү жана алынган маалыматтары менен башка авторлордун эсептөөлөрүнүн натыйжалары менен тастыктоочу канааттандырарлык корреляциясын колдонуу менен камсыздалган. Физикалык чоң дуктарды өлчөөлөрдө каталыктын ар кыл – шаймандык, статистикалык, кокус, кыйыр, ошондой эле Гиббс-Розебомдун концентрациялык үч бурчтугу усулу менен агрессивдүү чөйрөлөрдөгү химиялык туруктуулукту жана химиялык курамды аныктоодо усулдук жана субъективдүү пайда болуучу булактары, бир өлчөмдүү математикалык моделдин жардамы менен ККМдын реакциялык синтезинин кинетикасын жана эсептелишин аныктоо эске алынган.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

1. Кыргызстандын «Астра» КХМЗ жарым өткөргүчтүк өнөр жайынын өндүрүштүк калдыктарынын негизинде графит булаларын кошуу менен метандын чөйрөсүндө керамика-композициялык материалдардын синтези биринчи жолу жүргүзүлгөн.
2. Нитрид-кремнийдин, кремнийдин оксинитридинин жана кремнийдин карбонитридинин негизинде ар кыл ККМды синтездөө жолу менен керамикалык материалдарды алууда өнөр жайлык жарым өткөргүчтүк калдыктар келечектүү.
3. Реакциялык-синтезделген ККМдар агрессивдүү чөйрөлөргө карата жогору физика-химиялык туруктуулукка ээ болушат.

Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде керамика-композициялык материалды ойлоп табууга автордук күбөлүк алынган, ал Кыргызпатентте катталган «Кремнийлик өндүрүштүн калдыктарынан керамика-композициялык материалды алуунун ыгы» (19) **KG** (11) **1766** (13) **C1** (46) **28.08.2015**

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**:

1. Кремнийдин жарым өткөргүчтүк ультрадисперстүү калдыктарынын негизинде графит булаларын кошуу менен метандын чөйрөсүндө композициялык материалдарды алуунун ыгы.

2. Агрессивдүү чөйрөлөрдүн: концентрацияланган кычкылдар менен жегичтердин таасири астында реакциялык синтезделген ККМдын физика-химиялык туруктуулугун изилдөөнүн натыйжалары.

3. Кремнийдин карбонитридинин, оксинитридинин жана нитридинин негизинде реакциялык синтезделген ККМдын химиялык курамынын натыйжалары, Гиббс-Розебомдун эсептөө усулу менен алынган.

4. Азоттун чөйрөсүндөгү кремнийдин микродисперстүү эң майда күкүмдөрүнүн (кремний өндүрүшүнүн калдыктарынын) реакциялык синтезинин математикалык бир өлчөмдүү модели.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Диссертациялык иштеги натыйжалар автордун жалпы жана өз алдынча изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы болуп саналат. Автордун жекече салымы төмөнкүдө турат: алынган эксперименттик маалыматтардын анализин иштетүү, интерпретациялоо, алуу жана жалпылоо. Диссертациялык иш автордун аягына чыккан ишинин натыйжасы болуп саналат. Технологиялык иштеп чыгуунун ар кыл этаптарында изилдөө жумуштарынын айрым түрлөрүн автор лабораториядагы кесиптештери менен

чогуу аткарган, бирок мында эксперименттик изилдөөлөрдү жүргүзүүдөгү жана жалпы эле тыянактардагы автордун жекече салымы негизги болуп саналат.

Автор иштин максатын аныктоодогу жана алынган натыйжаларды талкуулоодогу жардамы үчүн илимий жетекчиси, ф.-м.и.д., профессор Нурбек Кыдырмышевич Касмамытовго жана илимий кеңешчиси, ф.-м.и.д., т.и.д., профессор Владимир Петрович Макаровго жана башка лабораториянын кызматкерлерине терең ыраазычылык билдирет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы.** Диссертациялык иштин негизги жоболору менен натыйжалары төмөнкү эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланган:

1. VIII International conference «Advanced technologies, equipment and analytical systems for material sciences and nonmaterial's», Almaty, Republic of Kazakhstan, June 9 and 10, 2011 г.;
2. Международная научная конференция «Рахматулинские-Ормонбековские чтения», г. Бишкек, 27-29 июня, 2013 г.;
3. Международная научно-практическая конференция «Новая наука: теоретический и практический взгляд», г.Нижний Новгород, 14 апреля 2016г.;
4. XI Иссык-Кульская международная школа-конференция по радиационной физике твердого тела SCORPh-2015, г. Бишкек-Барскоон, 2015 г.;
5. Расширенный научный семинар Кыргызско-Российского Славянского университета им. Б. Н. Ельцина, Естественно-технического факультета, кафедры физики и микроэлектроники, 2018 г.;
6. Стажировка молодых ученых государств участников СНГ г. Дубна, Объединенный институт ядерных исследований, Россия, Московская область, г. Дубна, 18 Март-17 апрель 2012 г.;
7. Стажировка молодых ученых государств участников СНГ г. Дубна, Объединенный институт ядерных исследований, Россия, Московская область, г. Дубна, 15 март- 14 апрель 2019 г.;
8. Стажировка молодых ученых государств участников СНГ г. Дубна, Объединенный институт ядерных исследований, Россия, Московская область, г. Дубна, Октябрь 2019г.;
9. 71-я международная научая, конференция «Eurasian scientific association», Россия, г. Москва, 28-29 января 2021 г.

**Диссертациянын натыйжаларынын публикацияларда толук чагылдырылышы.** Ушул диссертациянын материалдары 30 публикацияларда: илимий журналдар менен жыйнактарда, эл аралык жана республикалык конференцияларда, илимий мектептерде, КР УИАнын Физика институтунун 2009-2021-жж. үчүн отчётторунда жана 1 автордук патентте өз чагылуусун тапкан.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, беш баптан, 141 барак тексттен, 28 сүрөттөн, 15 жадыбалдан жана 161 колдонулган булактардан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** проблема жана теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн объектиси менен предметин тандоо ачылат, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, алынган натыйжалардын илимий жана практикалык маанилүүлүгү, диссертациялык иштин коргоого коюлуучу негизги жоболору аныкталат. Изилдөөнүн автор тарабынан алынган негизги натыйжалары, анын илимий-изилдөөчүлүк диссертациялык ишке жекече салымы кыскача сыпатталат.

**Биринчи бапта «Кремнийдин нитридинин негизинде көпфункцияналдуу керамика»** диссертациянын темасы боюнча кыскача адабияттык сереп келтирилген. Негизги түшүнүктөр жана өнөр жай менен илимдин ар кыл тармактарында классикалык керамикалык нитрид-кремний материалдарды колдонуу, классикалык керамикалык материалдардын түрлөрү, ар кыл нитрид-кремний керамика-композициялык материалдарды (ККМ) даярдоо үчүн баштапкы чийкизат түрүндө колдонулуучу ар кыл калдыктар пайда болуучу гелиоэнергетика үчүн монокремнийди иштетүүнүн технологиялык стадиялары берилген. ККМдын реакциялык синтези жана түзүмү менен касиеттеринин калыптануусу боюнча мурда алынган эксперименттик маалыматтарга анализ жасалган. Кремнийдин ультрадисперстүү күкүмдөрүнүн жана алардын негизинде алынган керамика-композициялык материалдардын адамдын организмине жана жаратылышка таасири жөнүндө эсептөөлөрдүн натыйжалары келтирилген. Реакциялык синтез жана кремнийдин күкүмдүү калдыктары чөлкөмүндөгү пайыздык жол берилүүчү концентрация (ПЖК) жөнүндө маалымат берилген. Биринчи баптын аягында корутунду жасалган.

**Экинчи бапта «Керамокомпозициялык керамиканы изилдөө ыкмасы, курамын алуунун технологиясы жана касиеттери»** изилдөөнүн *объектиси* менен *предмети* сыпатталган. ККМды алуунун технологиясы, түзүмү жана коррозиялык касиеттери жана изилдөөнүн усулдары, жеке алсак, рентгендик-түзүмдүк жана рентгендик-фазалык анализ, растрдык электрондук микроскопияны колдонуу менен локалдык микрорентгендик-спектралдык анализ, универсалдуу табы төмөн орнотмодо жылуулукту талап кылууну аныктоо, ошондой эле изилдөөнүн башка усулдары да майда-чүйдөсүнө чейин сыпатталган да, экинчи бап боюнча тиешелүү корутунду жасалган.

**Үчүнчү бапта «Керамокомпозициалык материалдардын курамын жана физика-химиялык каситеттерин изилдөө»** кремнийдин карбонитридинин, оксинитридинин жана нитридинин негизинде тажрыйбалык реакциялык-катыган ККМдын, ошондой эле графит буласы менен бекемделген ККМдын түзүмдөрүнүн калыптануусунун микротүзүмдүк өзгөчөлүктөрү сыпатталган.

«Joel» япон фирмасынын жогору чечилиштеги жөндөмдүүлүккө ээ микрорентгендик-спектралдык анализатору кошо орнотулган растрдык электрондук микроскоп бар Россия илимдер академиясынын Металлдардын артыкча пластикалуулугу проблемалары институтунун электрондук

микроскопия лабораториясында жүргүзүлгөн микрорентгендик-спектралдык изилдөөлөрдүн натыйжалары талдоого алынган.

Графит буласы (ГБ) менен кошумча бекемделген нитрид-кремний матрицасы бар ККМ-№4түн реакциялык-катыган үлгүлөрүнүн микротүзүмүн изилдөөгө өзгөчө көңүл бөлүнгөн. ГБ менен бекемделген ККМ изилденбегенин жана адабий булактарда аларды алуунун технологиясы, ушул керамика-композициялык материалдардын курамы, түзүмү жана касиеттери жөнүндө кандайдыр бир маалыматтар жоктугун белгилөө керек. Ф.-м.и.д. Н. К. Касмамытовдун жана ф.-м.и.д. В. П. Макаровдун эмгектеринен реакциялык-катыган ККМ жогору кызматтык касиеттердин кең ири спектрине ээ болушары, бирок бир кемчиликке ээ экендиги, бул өтө морттук, үч чекиттүү кайрылышка салыштырмалуу төмөн бекемдик, белгилүү. Нитрид-кремнийдин негизги кызматтык касиеттерин начарлатпай, ККМдын ушул касиеттерин жакшыртуу, б.а. морттукту азайтуу жана кайрылышка бекемдикти көбөйтүү үчүн, иште нитрид-кремний матрицага графит буласын кошумча киргизүү жолу менен ККМ-№4түн курамын өзгөртүү аракети жасалган. ГБ кремнийдин нитриди өңдүү эле төмөн салыштырмалуу салмагы, бирок жогору ысыкка туруктуулугу, коррозиялык туруктуулугу, кеңейүүнүн төмөн таптык коэффициенти жана кычкылдар менен жегичтерге карата химиялык инерттүүлүгү менен мүнөздөлөрүн белгилөө маанилүү. ГБ менен бекемделген ККМды комплекстүү изилдөөлөрдүн негизинде корутунду жасалган.

**Төртүнчү бапта «Ар түрдүү фазалык курамдагы керамокомпозициялык материалдардын физика-химиялык касиеттерин изилдөө»** ар кыл ККМ тажрыйбалык үлгүлөрдү ар кыл агрессивдүү чөйрөлөрдүн концентрациялаган кычкылдарга жана жегичтерге химиялык туруктуулугуна таасир кылуусу боюнча изилдөөлөрдүн натыйжалары келтирилген, ошондой эле Гиббс-Розебомдун концентрациялык үч бурчтук усулун колдонуу менен реакциялык-катыган ККМдын фазалык химиялык курамын эсептөөлөр берилген.

Рентгендик-фазалык анализ ККМ-1дин негизги кристаллдык матрицасы, кремнийдин нитриди менен карбонитридинин нанотүзүмдөлгөн жип сымал кристаллдарынан турарын көрсөткөн. Изилдөөлөрдө ГБсы бар тажрыйбалык ККМга ар кыл күчтүү таасир кылуучу концентрацияланган кычкылдар менен жегичтер түрүндөгү агрессивдүү реагенттер менен узак таасир кылганда (1-сүрөт. 1800 саат бою кармаганда), ККМ-№4түн тажрыйбалык үлгүлөрү аларда эрибей турганы аныкталган.

Химиялык реагенттер ККМдын түзүмүндө бар аралашма оксиддик фазаларга белгилүү бир түрдө таасир кылышарын белгилөө керек. Жалпысынан, жүргүзүлгөн изилдөөлөр физика-химиялык изилдөөлөрдү жалпы схема, кычкылдар (1) жана жегичтер (2) менен болуп өтүүчү химиялык реакциялар түрүндө жалпылоого жол беришет.

$$\mathbf{Me_xO_y + H_x(A_1)_y = Me_x(A_1)_y + H_2O} \qquad (1)$$

$$\mathbf{Me_xO_y + NaOH = Na_x[Me_x(OH)_y] + H_2O} \qquad (2)$$

мында, $\mathbf{Me_x}$- композициялык материалдагы аралашма металл;

**$(A_1)_y$**- кычкылдын аниону; **$H_x$**- кычкылдын катиону.

(1) жана (2) жалпыланган физика-химиялык формулалар агрессивдүү чөйрөлөр менен өз ара аракеттешүүдө ККМдын массасынын өзгөрүүсүн мүнөздөөгө жол беришет. Графит буласын киргизүү ККМдын микротүзүмүн калыптандырууга оң таасир кылат. ККМдын синтези процессинде кремнийдин нитриди менен карбонитридинин ар кыл конфигурациядагы нано- жана ультра-жип сымал кристаллдары калыптанышат, бул жалпысынан ККМ №4түн жана башка ККМдын физика-химиялык касиеттеринин жакшыруусуна алып келет.




1-сүрөт – ГБ ККМдын концентрацияланган кычкылдар менен жегичтердеги химиялык туруктуулугу

**Гиббс-Розебомдун усулу** реакциялык синтез процессинде ыктымалдуу фазалардын калыптануусун априори талдоого жол берди. ККМдын синтезин эсептөөлөр T=1220-1320°C болгондо реакциялык синтез процессинде азоттун газ түрүндөгү чөйрөсүндө турган кремнийдин жана кремнийдин карбидинин катуу кристалл микробөлүкчөлөрүнөн турган керамикалык аралашма үчүн жүргүзүлдү.



2-сүрөт – T=1200°Сде катыган тажрыйбалык ККМнын орточо маанилери үчүн эсептик фазалык диаграмма

2-сүрөттө ККМдын фазалык курамдарынын калыптанышын эсептөөгө жол берүүчү фазалык тең салмактын эсептик диаграммасы (ФТД) берилген. Реакциялык-катыган ККМдын A, B жана C компоненттери үчүн фазалык курамын эсептөөнү жүзөгө ашыруу үчүн 2-сүрөткө ылайык Si, N, C жана O атомдору алынган, мында C компоненти үчүн көмүртектин

атомдору да – С, кычкылтектин атомдору да – О колдонулган. Гиббс-Розебомдун концентрациялык үч бурчтугун талдоо ККМдын реакциялык синтези процессинде кийинкилердин түзүмүндө эки компоненттүү да (мисалы, $SiO_2$, SiC, $Si_3N_4$), $Si_2(C_xN_y)_4$, $Si_2N_2O$ түрүндөгү үч компоненттүү да кошундулер калыптана аларын көрсөттү. Төмөндө изилденип жаткан К чекитине карата ККМдын реакциялык синтези процессинде калыптануучу белгисиз кошундулардын концентрацияларын аныктоо боюнча эсептөөлөр келтирилген. Математикалык формулалардын жардамы менен (1-4) ККМдын синтези процессинде калыптануучу үч компоненттүү кошундулардын концентрациялык сандык курамы аныкталган.

(1-4) формулалар боюнча эсептелген маанилер удаалаш (5) формуласына коюлган:

$$X_A = \frac{Ba_1}{AC} \times 100\% = \frac{Ca_2}{AC} \times 100\% \quad (1)$$

$$X_B = \frac{Ab_1}{AB} \times 100\% = \frac{Cb_2}{BC} \times 100\% \quad (2)$$

$$X_C = \frac{Ac_1}{AC} \times 100\% = \frac{Bc_2}{BC} \times 100\% \quad (3)$$

$$X_C = \frac{Ac_3}{AC} \times 100\% = \frac{Bc_4}{BC} \times 100\% \quad (4)$$

Андан ары белгисиз кошундуга кирген (масс. %) Si, N, C жана O ар бир атому үчүн сандык (массанын %) камтылыш аныкталган.

$$\omega\%(X) = \frac{Ar(X)*n}{Mr}*100\% \quad (5)$$

Белгисиз үч компоненттүү кошундуга киришкен Si, N, C жана O тиешелүү атомдору үчүн массалык үлүштүн сандык камтылышынын пропорциялуу көз карандылыгын түзүп, (6) катышы боюнча ККМдын синтези процессинде калыптануучу мүмкүн болгон үч компоненттүү фазалар аныкталган.

$$a:b:c = N(A):N(B):N(C) \quad (6)$$

Эсептөөлөр Т=1220°С болгондо ККМдын реакциялык синтези процессинде төмөнкү фазалардан турган көп компоненттүү курам калыптанарын көрсөтүштү: ККМдын матрицасы негизинен $Si_2N_2O$ тибиндеги оксинитриддик кошундулардан жана бир катар эки компоненттүү $Si_3N_4$ жана $SiO_2$; жана SiC фазалардан турат, анан да кийинкиси 0,1% аз санда байкалат, муну менен катар аралашма катары алюминийдин оксиди бар. Гиббс-Розебомдун усулу боюнча эсептик маалыматтар ККМдын рентгендик-түзүмдүк жана рентгендик-фазалык анализи түз эксперименттик усулдары менен бир жактуу тастыкталганын белгилөө маанилүү, мында да $Si_2N_2O$; $Si_3N_4$ жана $SiO_2$ фазаларынын аралашмасынан; жана SiC (0,1%) турары аныкталган.

Калыптануучу фазалар боюнча ушуга окшош натыйжалар ККМ жана ГБ менен бекемделген 1200-1320°С таптарда реакциялык-катыган ККМ үчүн да алынган, мында үч компоненттүү оксинитриддик жана эки компоненттүү нитрид-кремний фазалар боюнча аз-маз айырмалар жана үч компоненттүү нестехиометриялык карбонитриддик фазанын $Si_3(C_xN_y)_4$ сандык камтылышы

боюнча аз-маз айырмалар байкалган. Графит буласы менен бекемделген ККМдын тажрыйбалык үлгүлөрүн микрорентгендик-спектралдык жана рентгендик-фазалык изилдөөлөр кремнийдин үч компоненттүү карбонитридинин $Si_2(C_xN_y)_4$ кремнийдин нитридинин $Si_3N_4$ жана кремнийдин монокарбидинин SiC фазаларынын көбөйүүсү түрүндө аз-маз пайда болуусун айкындаганын белгилөө маанилүү. ККМдын түзүмүнүн калыптануусунда графит буласынын иш жүзүндө байкаларлык катышуусу 1300$^{o}$C табында башталат.

Ошентип, Гиббс-Розебомдун усулу менен баштапкы заттардын берилген параметрлери, алардын дисперстүүлүгү, реакциялык синтездин шарттары жана шарттамдары боюнча эсептөөлөр жүргүзүлүп, алар талап кылынган физика-химиялык касиеттери бар ККМдын изделүүчү фазалык курамдарын априори аныктоого жол беришкен. Эсептик маалыматтар түз микротүзүмдүк изилдөөлөр менен жакшы ыкташышат. Азоттун чөйрөсүндө кремнийдин эң майда күкүмүнөн реакциялык синтез жолу менен алынган ККМдын тажрыйбалык үлгүлөрүнүн кристаллдык матрицасы негизинен кремнийдин нитридинен жана оксинитридинен, ошондой эле кремнийдин карбонитриди түрүндөгү аз-маз санынан турушат. Ушуну менен катар ККМдын микротүзүмүндө татаал оксиддик кошулмалар түрүндөгү аралашмалардын, алюминийдин оксиддеринин жана кремнийдин монокарбидинин издери бар. Кремнийдин азоттун чөйрөсүндө катуу процессиндеги табы жогору физика-химиялык реакцияда калыптануучу ККМдын негизги матрицалык фазасы кремнийдин нитриди болуп саналат.

**Бешинчи бапта «Керамокомпозициялык материалдардын ысытуу процессинин жана реакциялык бышыруусунун сандык моделин түзүү»**моделдик изилдөөлөр жолу менен кремнийдин нитридинин реакциялык синтези процессин теориялык изилдөөлөр сыпатталган. Дифференциялык теңдемелер тутуму түрүндө иштелип чыккан бир өлчөмдүү стационардык эмес физика-математикалык модель таза азоттун атмосферасында цилиндрлик формадагы кремний үлгүнүн жогору тапта катуусу процессинде болуп өтүүчү физика-химиялык реакциянын (7) кинетикасын сыпаттайт. Азоттун атмосферасында берилген өлчөмдөрдө цилиндр түрүндө пресстелген күкүмдүү кремнийдин реакциялык катуусунун баштапкы жана чектик шарттары келтирилген. Эсептөөлөрдө үлгүнүн ысуусу, табы, басымы, формасы жана өлчөмү эксперименттик маалыматтары жана башка эксперименттик параметрлер колдонулган.

$$3Si + 2N_2 = Si_3N_4 + Q \quad (7)$$

Физика-математикалык бир өлчөмдүү модель өзүнө үч формуланын жыйындысын камтыйт: жылуулук өткөргүчтүктүн дифференциялык теңдемесин (8); кремнийдин тешиктүү цилиндрлик үлгүсүндөгү газдын үзгүлтүксүздүгүнүн дифференциялык теңдемесин (9); жана кремнийди азоттоонун кристаллдык-химиялык реакциясынын натыйжасында кремнийдин цилиндрлик үлгүсүндөгү азоттун концентрациясынын радиалдуу өзгөрүүсүн көрсөтүүчү дифференциялык теңдемени (10):

$$\rho c_{eff} \frac{\partial T}{\partial t} = \frac{1}{r} \frac{\partial}{\partial r}\left( r \lambda_{eff} \frac{\partial T}{\partial r} \right) + Q \cdot \dot{n}\,, \qquad (8)$$

$$\frac{\partial n}{\partial t} = \frac{1}{r} \frac{\partial}{\partial r}\left( r D_{eff} \frac{\partial n}{\partial r} \right) + \dot{n}\,, \qquad (9)$$

$$\frac{dn_{Si}}{dt} = -k_r n_{Si} \qquad (10)$$

Анда диффузияланууучу азот менен ультрадисперстүү кристаллдык кремнийдин реакциялык синтезинин кинетикасын сандык эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн төмөнкү, баштапкы жана чектик шарттар берилген:

$$t = 0: \quad T(r) = T_0 = 900\ ^{o}C,\ n_0(r) = \frac{p_0}{kT_0} \sim 10^{14}\ м^{-3},\ p_0 \sim 10^{-5}\ Па,\ n_{Si0} = \frac{1-П\ \ \rho_{Si}}{\mu_{Si}} N_A;$$

$$r = 0: \quad \frac{\partial T}{\partial r} = 0,\ \frac{\partial n}{\partial r} = 0; \qquad r = R: \quad T(R) = T_R(t),\ n(R) = n_R(t).$$

Бул жерде $t$ – убакыт, $r$ – радиалдык координата, $T$ – температура, $n$, $n_{Si}$ – азот менен кремнийдин молекулаларынын концентрациясы, $\rho_{eff}$, $c_{eff}$, $\lambda_{eff}$, $D_{eff}$ – майнаптуу тыгыздык, салыштырмалуу жылуулук талап кылуу, жылуулук өткөргүчтүк, азоттун тешиктүү кремнийге диффузиясынын коэффициенти, $\dot{n}$ – кристалллдык-химиялык реакциянын эсебинен азоттун молекулаларынын концентрациясынын азаюу ылдамдыгы, $Q$ жана $k_r$ – жылуулук жана реакциянын ылдамдыгынын константасы, $П$ – буюмдун тешиктүүлүгү, $\rho_{Si}$, $\mu_{Si}$ – кремнийдин тыгыздыгы жана молярдык массасы, $k$ – Больцмандын туруктуусу, $N_A$ – Авогадро туруктуусу.

Реакциянын ылдамдыгынын константасынын коэффициенти (11) формула боюнча аныкталды:

$$k_r = C \cdot p e^{-E_A/kT}, \qquad (11)$$

мында $p = nkT$ – азоттун парциалдык басымы, $E_A$ – активация кубаты, С – эксперименттин негизинде аныкталуучу күкүмдүн параметрлеринен көз каранды болгон туруктуу.

Катуу фазанын жылуулук өткөргүчтүгү менен тыгыздыгы (12) жана (13) формулалар боюнча эсептелди:

$$\lambda_s = x_{Si}\,\lambda_{Si} + x_{Si3N4}\,\lambda_{Si3N4}\,, \qquad (12)$$

$$\rho_s = \left( x_{Si} / \rho_{Si} + x_{Si3N4} / \rho_{Si3N4} \right)^{-1}, \qquad (13)$$

мында катуу фазадагы кремнийдин жана кремнийдин нитридинин массалык үлүштөрү (14), (15) (5) формуладан кайра түзүлгөн)) формула боюнча эсептелди:

$$x_{Si} = \frac{n_{Si}\,M_{Si}}{n_{Si}\,M_{Si} + n_{Si3N4}\,M_{Si3N4}}, \qquad (14)$$

$$x_{Si3N4} = \frac{n_{Si3N4}\,M_{Si3N4}}{n_{Si}\,M_{Si} + n_{Si3N4}\,M_{Si3N4}}. \qquad (15)$$

Тешиктүү кремний буюмдун жылуулук өткөргүчтүгүнүн, тыгыздыгынын жана салыштырмалуу жылуулук талап кылуусунун майнаптуу маанилери (16) - (18) формулалар боюнча эсептелди:

$$\lambda_{eff} = \lambda_g \, П^{1/3} + \lambda_s \; 1 - П^{2/3} \;\; , \tag{16}$$

$$\rho_{eff} = \rho_g \, П + \rho_s \; 1 - П \;\; , \tag{17}$$

$$c_{eff} = \bar{x}_{Si} \, c_{Si} + \bar{x}_{Si3N4} \, c_{Si3N4} + \bar{x}_g \, c_{p,g} \, . \tag{18}$$

Кремнийдин шликердик буюмдарынын тешиктүүлүгү $П = 30 \pm 1$ % эсебин түздү. Буюмдагы кремнийдин, кремнийдин нитридинин жана азоттун массалык үлүштөрү төмөнкү катыштарда (19)-(21) эсептелди:

$$\bar{x}_{Si} = \frac{n_{Si} \, M_{Si}}{n_{Si} \, M_{Si} + n_{Si3N4} \, M_{Si3N4} + n_g \, M_g} \, ; \tag{19}$$

